**Касымалиев Муратбек Усонакуновичтин «Жалпы билим берүүчү мектепте информациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери» аттуу 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий кеңешчинин**

## ПИКИРИ

Муратбек Үсөнакунович Касымалиев Кыргызстанда билим берүүнү маалыматташтыруу проблемасы боюнча 30 жылдан ашык убакыттан бери эмгектенип келүүдө. Мектептик информатика курсу боюнча окуу китептеринин автору. Анын окуу китептери Кыргызстандын мектептеринде колдонулууда. 2017-жылы “Жалпы билим берүүчү мектепте информациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери” аттуу аталышта докторлук темасын бекитип, бул теманын илимий методологиялык, теориялык жана прикладдык аспектилерин тепрең изилдеп, үзүрлүү эмгектенип келди. М.Касымалиевдин бул изилдөөсү Кыргыз Республикасында билим берүү системасын санариптештирүүнүн алкагында, мектептерде маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүү зарылдыгы жогорулаган шартта жүргүзүлдү. Ошол себептен бул изилдөөнүн актуалдуулугу шек туудурбайт.

М.Касымалиевдин бул докторлук диссертациясында маалыматтык билим берүү чөйрөсүнүн структуралык модели, ишке ашыруу концепциясы жана дидактикалык шарттары иштелип чыккан. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жыйынтыктар теориялык жактан негизделип, эксперименталдык жол менен тастыкталган. Илимий иште классикалык жана заманбап педагогикалык илимдин принциптери менен бирге санариптик билим берүү боюнча актуалдуу методдор колдонулган. Изилдөөдө эмпирикалык жана теориялык ыкмалар айкалышып, комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн. Бул материалдар Кыргызстандын билим берүү системасына илимий жактандагы, методикалык жана практикалык жактан дагы жаңыча көз караштарды алып келет.

Изилдөөнүн натыйжалары жалпы билим берүүчү мектептер үчүн реалдуу колдонууга ылайык сунуштар менен коштолгон. Методикалык колдонмолор, структуралык моделдер жана санариптик платформага ылайык окутуу формалары иштелип чыгып, апробациядан өткөн.

Бул проблема боюнча М.Касымалиев бир катар ата мекендик жана эл аралык конференцияларда доклад жасады. Изилдөөнүн натыйжалары боюнча автор 40тан ашык илимий эмгектерин жарыялады, анын ичинде эки макаласы Scopus базасына кирген журналдарда жарык көргөн. Бул анын илимий активдүүлүгүнүн жана теманы терең өздөштүргөндүгүнүн далили деп эсептөөгө болот.

Касымалиев М.У. тарабынан даярдалган «Жалпы билим берүүчү мектепте информациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери» аттуу доктордук диссертациясында коюлган максат жана милдеттер толугу менен аткарылды. Изденүүчү заманбап санариптик трансформациянын чакырыктарына жооп берген илимий негизделген чечимдерди сунуштаган. Бул изилдөөнүн актуалдуулугу жогору жана мамлекеттин билим берүү саясатына шайкеш келет.

Менин пикиримде М.Касымалиевдин изилдөөсү педагогика илимин өнүктүрүүгө олуттуу салым кошот жана ал педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Илимий кеңешчи:**
**педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор** **С.К. Калдыбаев**

12-май 2025-жыл

Тастыктайм

АДАМ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ УПРАВЛЕНИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ
HUMAN RESOURCES MANAGEMENT DEPARTMENT